Ноокен аймактык шайлоо комиссиясынын

№ 36- Ч Е Ч И М И

17.11.2024-жыл Масы айылы

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кенештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" мыйзамынын 28-беренесинин 9пунктунун талаптарын бузуу жөнүндө.

Ноокен аймактык шайлоо комиссиясы соцтармакка чыгарылган видеону карап чыгып аталган видеодо Кочкор-Ата шаардык кенешинин депутаттарын шайлоого катышып жаткан "Жаны Кыргызстан" саясий партиясынын 2024-ж.17.11. социалдык тармактарда, ютуб каналында саат 08-25 чыгарылган видео боюнча карап чыгып юридикалык баа берүү үчүн Ноокен РИИБне 2024-ж. 17.11 ЫЧКТнун №34-чечими жөнөтүлүп, Ноокен РИИБ 17.11.2024-ж. №26-6/3429-билдирүүсү менен берилген токтомдо көрсөтүлгөн Кочкор-Ата шаарынын №6-кварталдык комитетинин төрайымы 19.02.1962-жылы туулган Мадылова Ханикей Чуроковнанын, аталган комитеттин домкомдор жана квартал комитеттерине үгүттөө иштери боюнча кылмыштын курамы аныкталбайт. Бирок окуя боюнча Жергиликтүү кенештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамынын негизинде чара көрүү маселесин кароо боюнча маселени Ноокен районунун аймагындагы жергиликтүү кенештердин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде Ноокен аймактык шайлоо комиссиясы

Ч Е Ч И М К Ы Л А Т:

1.Кочкор-Ата шаарынын №6-кварталдык комитетинин төрайымы 19.02.1962-жылы туулган Мадылова Ханикей Чуроковна Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кенештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" мыйзамынын 28-беренесинин 9-пунктунун талаптарын бузгандыгынын негизинде эскертүү берилсин.

2.Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө жагын озумо калтырамын.

Ноокен аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы: М.Ахмедов

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ НООКЕН АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ НООКЕНСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

Ноокен аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы: Ж.Ажыбаева